| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ АК-ТЕРЕКСКОГО<br>АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Эл депутаттарынын VII – чакырылышынын XXVI – кезексиз сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2023-жылдын 19-декабры № 3 Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын бюджетинин чыгаша бөлүгүнө өзгөртүү киргизүү жөнүндө.**

Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын бюджетинин чыгаша бөлүнгүнө өзгөртүү киргизүү жөнүндө Ак-Терек айыл өкмөтүнүн финансы бөлүмүнүн башчысы К.М.Абдыраевдин билдирүүсүн угуп, талкуулап, Ак-Терек айыл аймагынын айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Бар-Булак айылына АРИС долбоору аркылуу таза суу линиясынын курулуш иштери аяктоо алдында тургандыгына байланыштуу, долбоордун шартына ылайык долбоордун 30 пайызын өздүк салым катары айыл өкмөтү тарабынан каржылангандыктан суу эсептегичтери үчүн 350,0 миң сом акча каражаты бөлүнүп берилсин. ЖКХнын 3112 беренесине техника алуу үчүн каралган акча каражатынан 350,0 миң сом ЖКХнын 2222 беренесине жылдырылсын.

2. Кара-Коо бала бакчасына тамак бышыруучу печка алууга 3112 беренесине каралган 63,8 миң сом акча каражаты иштетилбей калгандыгына байланыштуу 2222 беренесине палас, пылесос жана башка буюмдарды алууга жылдырылсын.

3.Токтомдун аткарылышы финансы бөлүмүнүн башчысы К.Абдыраевге тапшырылсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы, Ак-Терек айыл аймагынын айылдык кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Э.Т. Үсөновго милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.А. Мамбетов**

**Жооптуу катчы** **М.Б. Эсеналиева**